DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 7, 2020

*Турумбаева Ч.М.*

# ОРКЕСТРДИК МУЗЫКАНЫН ЭВОЛЮЦИЯСЫНЫН КЫСКАЧА ОЧЕРКИ

*Турумбаева Ч.М.*

# КРАТКИЙ ОЧЕРК ЭВОЛЮЦИИ ОРКЕСТРОВОЙ МУЗЫКИ

*Ch.M. Turumbaeva*

# A BRIEF OUTLINE OF THE EVOLUTION OF ORCHESTRAL MUSIC

*УДК: 785.1:785.166 (575.2)*

*Макалада европа практикасындагы оркестрдик аткаруучулуктун панорамасы берилген. Дүйнөлүк инструменталдык жана оркестр искусствосунун чоң маанилүү жетишкендиктери белгиленген. Байыркы грек башатынан баштап XX кылымдын музыка искусствосунун эволюциясына чейин кыскача байкоо жүргүзүлөт: оркестрдин жаралышы, оркестр курамынын эволюциясы жана өзгөрүштөрү, симфониялык оркестрдин пайда болушу, ж.б. Автор XVI-XVII кк. соната, симфония, опера, оратория, вокалдык концерт ж.б. жанрлар пайда болгондугун белгилейт. Опера -жанр катары Италияда XVI-XVII кылымдардын чек арасында жаралган деп айтылат. К.Монтеверди, А.Скарлатти, А.Вивальди, Ф. Куперен, Ж.Рамо, Г.Пёрселл деген оркестр искусствосунун белгилүү композиторлору европа музыкалык маданиятынын казынасына чоң салым кошушкан. Макалада И.С.Бах жана Г.Ф.Гендельдин XVII к. улуу немец композитор-полифонисттердин аттары белгиленген. Европа музыкалык маданиятында симфониялык оркестрдин пайда болуп өнүгүшү (XVI-XVII кк.) көрсөтө айтылган, натыйжасында жеткилең техникалык мүмкүнчүлүктөр жана бай тыбыш палитрасы композиторлор үчүн берилген. Белгилүү Австрия композиторлору Ф.Й. Гайдн жана В.А. Моцарттын чыгармачылыктарында симфониянын классикалык түрү калыптанган. Автор Людвиг ван Бетховен, Ф.Шуберт, Г.Берлиоз, Ф.Лист, Р.Вагнер деген композиторлордун аттарын белгилейт, анткени алардын чыгармачылыгы XVIII к. аягында - XIX к. башында Европа өлкөлөрүнүн (Великобритания, Германия, Франция, Италия) музыка искусствосу жагынан туу чокусу болуп калган. Оркестр жагынан Орусиянын тажрыйбасы аныкталат, анда М.И. Глинка, Н.А. Римский-Корсаков, А.П. Бородин, П.И. Чайковский деген композиторлор белгиленет. Совет доорунда бир топ белгилүү композиторлор чыгышкан - С.С. Прокофьев, Д.Д. Шостакович, А.И. Хачатурян ж.б., алардын чыгармаларында оркестрдин мүмкүнчүлүктөрү кыйла өнүккөн. Оркестрдин партитурасына көрүнүктүү салым кошкон европалык, орусиялык жана совет доорундагы композиторлордун чыгармачылыгына акцент жасалгандыгы дүйнөлүк музыкалык практиканын айлана чөйрөсүнүн негизиндеги кыргыз композиторлор жана дирижерлордун музыка искусствосуна жасалган салымы көрсөтүлгөн.*

***Негизги сөздөр:*** *оркестр искусствосу, композитор, партитура, музыкалык практика, симфония, гомофония, полифония, дирижер, кыргыз музыкасы, эл аспаптар оркестри.*

*В статье дана панорама оркестрового исполнительства в европейской практике. Отмечены важнейшие достижения мирового инструментального и оркестрового искусства. Прослежена краткая эволюция этого жанра от древнегреческих истоков до музыки XX века: зарождение оркестра, изменения и эволюция оркестрового состава, возникновение симфонического оркестра, и т.д. Автор отмечает, что в XVI-XVII вв. появляются такие жанры, как соната, симфония, опера, оратория, вокальный концерт и др. Констатируется, что опера, как жанр, зарождается на рубеже XVI-XVII вв. в Италии. Упоминается, что оркестровое искусство великих европейских композиторов, как К.Монтеверди, А.Скарлатти, А.Вивальди, Ф.Куперена, Ж.Рамо, Г.Пёрселла внесло огромный вклад в сокровищницу европейской музыкальной культуры. В статье отмечены имена великих немецких композиторов-полифонистов XVII в., как И.С. Бах и Г.Ф. Гендель. Акцентируется внимание на становление и развитие симфонического оркестра в европейской музыкальной культуре (XVI-XVII вв.), которое впоследствии предоставило композиторам большие технические возможности и богатую палитру звуков. В творчестве великих австрийских композиторов Ф.Й. Гайдна и В.А. Моцарта формируется классический вид симфонии. Автор отмечает такие имена, как Людвиг ван Бетховен, Ф.Шуберт, Г.Берлиоз, Ф.Лист, Р.Вагнер, творчество которых завоевало художественные высоты в кон. XVIII в.- нач. XIX в. в странах Европы (Великобритания, Германия, Франция, Италия). Отмечается русский оркестровый опыт. Это творчество М.И. Глинки, Н.А. Римского-Корсакова, А.П. Бородина, П.И. Чайковского. В советскую эпоху выделяется целый ряд выдающихся композиторов - С.С. Прокофьев, Д.Д. Шостакович, А.И. Хачатурян и др., в творчестве которых происходило дальнейшее развитие возможностей оркестрового письма. Акцент, сделанный на*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*творчество европейских, русских и советских композиторов, внесших выдающийся вклад в оркестровую партитуру, создает значимый фон мировой музыкальной практики, на котором высвечивается вклад кыргызских композиторов и дирижеров в этот вид музыкального исполнительства.*

***Ключевые слова:*** *оркестровое искусство, композитор, партитура, музыкальная практика, симфония, гомофония, полифония, дирижер, кыргызская музыка, оркестр народных инструментов.*

*The article provides a panorama of orchestral performance in European practice. The most important achievements of the world's instrumental and orchestral art are noted. Brief traced the evolution of this genre from its origins to the ancient Greek music of the twentieth century: the emergence of the orchestra, the changes and evolution of orchestral composition, the emergence of the symphony orchestra, etc. The author notes that in the XVI-XVII centuries such genres as sonata, symphony, opera, oratorio, vocal concert, etc. appeared. It is stated that Opera, as a genre, was born at the turn of the XVI-XVII centuries in Italy. It is mentioned that the orchestral art of great European composers such as C. Monteverdi, A. Scarlatti, A. Vivaldi, F. Couperin, J. Rameau, G. Purcell made a huge contribution to the Treasury of European musical culture. The article notes the names of great German composers-polyphonists of the XVII century, such as J.S. Bach and G.F. Handel, in whose orchestral music groups of string instruments, woodwind and brass are finally formed. The author focuses on the formation and development of the Symphony orchestra in European musical culture (XVI-XVII centuries), which later provided composers with great technical capabilities and a rich palette of sounds. In the works of the great Austrian composers F. J. Haydn and W. A. Mozart, the classical form of the Symphony is formed. The author notes such names as Ludwig van Beethoven, F. Schubert, G. Berlioz, F. Liszt, R. Wagner, whose work won artistic heights in the late XVIII century. XIX century. in Europe (great Britain, Germany, France, Italy). Russian orchestral experience is noted. This is the work of M.I. Glinka, N. A. Rimsky-Korsakov, A.P.Borodin, P.I. Tchaikovsky. In the Soviet era, a number of outstanding composers - S.S. Prokofiev, D.D. Shostakovich, A.I. Khachaturian, and others-stand out, and their work was further developing the possibilities of orchestral writing. The emphasis on the work of European, Russian and Soviet composers who have made an outstanding contribution to the orchestral score creates a significant background for world music practice, which highlights the contribution of Kyrgyz composers and conductors to this type of musical performance.*

***Key word:*** *orchestral art, composer, score, musical practice, symphony, homophony, polyphony, conductor, kyrgyz music, folk instrument orchestra.*

XX кылымдын башында (1917-ж.) болуп өткөн Октябрь Революциясынан кийин, жалпы карапайым элдин эркиндигине зор көңүл бурулат. Жалпы коомчулуктун жашоосун түп тамырынан бери өзгөртүү менен бирге, музыкалык маданиятында да, орчундуу бурулуштар болуп, ал өзүнүн өнүгүүсүнүн жаңы этабын баштады. Элдик аспаптык аткаруучулук өнөрү калыптандырылып, өнүгүү жолуна түшүү менен бирге, бир топ жылдардан бери элдик аспаптык жекече аткаруучулук менен катар, ансамблдик жана оркестрдик аткаруучулук маданиятына да көңүл бурулууда. Республикабыздын ар кандай маданий мекемелеринде элдик аспаптык ансамблдердин жана оркестрдин үлгүлөрү түзүлүү менен өзүнүн өнүгүүсүн улантууда.

Негизи *оркестр* дегенди кандай түшүнөбүз? ***Оркестр*** – бул, музыкалык чыгарманы ар түрдүү аспапта ойногон музыкант-аткаруучулар тобу аталат. Оркестр деген сөз көптөгөн кылымдар мурда башкача түшүнүктү берген. Аны антикалык мааниде колдонуп, музыканттардын жайгашкан жерин аташкан.

Оркестрдик аткаруучулуктун башаты болгон байыркы Греция. Демек *оркестр* деген сөз байыркы грек тилинен келген (грек. Όρχήστρα - антикалык театрдагы тегерек жана жарым тегерек аянтчасы) [1]. Анда ритмикалык кыймыл, оюн-оок, трагедиядагы жана комедиядагы хор өзүнүн ырларын аткарган.

Сандаган жылдар өтүп, нечен кылымдардан соң, Европада оркестр деп, театрда музыкант-аткаруучулардын бөлмөсүн атап калышат. Ал эми, кийинчерээк аспаптык ансамбль жана аспаптарда ойногон музыкант-аткаруучуларды аташат. Европада орто кылымдарда жана кийин көлөмдүү инструменталдык топтор болгон, аларга бардык аспаптар кирген: кыл жана чертме аспаптар, жыгач, жез үйлөмө, клавиша аспаптар.

Кайрадан Жаралуу доорунда европа маданияты (музыка, адабият, сүрөт искусстволору, архитектура) гүлдөп турган мезгилине туш келет. Ошол кезде аспаптардын тембр жана тесситура жагынан бай келген оркестрлер пайда болот. Мисалы: Италияда XIV к. инструменталдык музыка кеңири өнүгүү себебинен, аспаптардын түрлөрү колдонулган: лютня, арфа, фидель, флейта, гобой, труба, органдын түрлөрү.

Кайрадан Жаралуу доорунда (XVI к.) Италиянын музыка искусствосу бүтүн Европа музыка маданиятында алдыңкы катарды ээлейт. Анда *Рим* жана *Венеция* мектептери пайда болот [2].

XVI-XVII кк. чегинде композиторлор көп тармактуу кылдуу, үйлөмө жана урма аспаптарды колдоно баштаган. Алардын ичинен кылдуу аспаптардын түрлөрү - *виола, лира, лютня, скрипка;* үйлөмө аспаптардан – флейта, свирель (чоор), рожок (сыбызгы) кептенген ж.б. түрлөрү; ар түрдүү тромбон жана трубалар; урма аспаптардан – литавралар, кичинекей коңгуролор.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



XVI-XVIIкк.-дын аралыгында музыкада *гомофония* негизги стиль болуп эсептелет [3]. Ага байланыштуу инструменталдык жанрларда соната, симфония, увертюра, ж.б. жаңы формалар пайда болуп баштайт. Андан тышкары оркестрдин жаралышы азыркы замандагы мааниде *опера, оратория, вокалдык концерт, кантата* деген жанрлары менен байланышкан. Анда оркестрдин функциялары адамдын үнүн коштоо мааниде колдонгон.

Биринчи оркестрлер XVIIк. италиянын операсында түзүлгөн. Демек, оркестрдин чыккан жери Италия болуп эсептелет. Италияда XVI кылымды аяктай XVII кылымдын башы менен, *операнын* жаралышы чоң окуя болуп эсептелет [2]. **Дж.Каччини** (1551-1618), **Я.Пери** (1561-1633), **К.Монтеверди** (1568-1643), **М.Гальяно** (1575-1642), **Ф.Кавалли** (1602-1676) сыяктуу бир топ композиторлор чыгышкан. Алардын ичинен К.Монтеверди оркестрдик аткаруучулукта, аны уюштурууда жана жөнгө салууда новатор катары эсептелет. Анткени, ал оркестрди түрлүү аспаптар менен калыптандырат.

XVII-XVIIIкк. италиялык, франциялык, германиялык жана англиялык композиторлордун мезгилдеринде, оркестрдин түзүлүшү жаңы аспаптар менен толукталат. **К.Монтеверди, А.Скарлатти, А.Вивальди, Ф.Куперен, Ж.Рамо, Г.Пёрселл, И.С. Бах жана Г.Ф. Гендельдин** чыгармачылыктарында оркестрдик маданияты орун алып жакшыртылып өнүгөт. Алардын чыгармачылыгында европадагы музыка искусствосу туу чокусуна жетет, артыкча оркестр жагынан новатордук, реформатордук тенденциялар ишке ашат. Ошол кездеги композиторлордун партитуралары жаңы симфониялык, инструменталдык, вокалдык сапаттары кескин түрдө өсүп гармония, тембр, техника, аспаптардын диапазону, ж.б. жагынан кыйла жетишкендиктерге жетет.

Улуу немец композитор-полифонисттер **И.С. Бах** (1685-1750) менен **Г.Ф.Гендель** (1685-1759) XVII к. оркестр жазууларынын салттарына ынак берилген [4]. Алар оркестрдин тарыхына жаңы ачылыштарга ээ болбой эле, мурунку улуу полифонисттердин жетишкендиктерин жалпылашкан. И.С. Бах менен Г.Ф.Гендельдин чыгармачылыгында кылдуу аспаптардын группасы биротоло калыптанган, ошондой эле оркестринин аспаптык түзүлүшү жыгач жана жез үйлөмө аспаптарды кошуу менен кеңейтилет.

Оркестрдин аталышы жана оркестрдик аткаруучулук Европада <u>симфониялык оркестр</u> менен байланышкан. Симфониялык оркестр тарыхынын башталышы XVI-XVII кк. туура келет. Симфониялык оркестр жаралгандан баштап көркөм чыгарманын идеясын ишке ашыруу үчүн бай келишкен үндүү добуштарды жана техникалык ыкмаларды колдонгонго мүмкүнчүлүк берет.

Симфониялык музыканын кубаттуу көтөрүлүшү *симфониянын* биринчи катарына чыкканы менен байланышкан. Симфониянын жана классикалык түрүндөгү симфониялык оркестрдин өнүгүшүнө *<u>Мангейм багыттагы мектеп</u>* (Мангейм мектеби - немец аткаруу багыты, XVIII кылымдын аягында *вена классикалык мектебинин* калыптаанышуу жолунун багытында *симфония* жана *камера ансамбль* чоң маанилүү ролду аткарган. XVIII кылымдын орто чегинде Мангеймде калыптанган (Бавариядагы Пфальц курфюрст) жана *<u>Вена классикалык мектеби</u>* (Вена классикалык мектеп (нем. Wiener Klassik) – XVIII кылымдын 2-чи бөлүгүнүн – XIX кылымдын 1-чи чейрегиндеги Австрияда калыптанган чыгармачылык багыт. Ага үч улуу композиторлор тиешелүү – Й.Гайдн, В.А. Моцарт жана Л.Бетховен) чоң ролду аткарган [2].

Вена классикалык мектеп (нем. Wiener Klassik) – XVIII кылымдын 2-чи бөлүгүнүн – XIX кылымдын 1-чи чейрегиндеги Австрияда калыптанган чыгармачылык багыт. Ага үч улуу композиторлор тиешелүү– Й.Гайдн, В.А.Моцарт жана Л.Бетховен.

XVIII кылымды аяктай композиторлор белгилүү австриялык композиторлор **Й.Гайдн** (1732-1809;104 симфония) менен **В.А.Моцарттын** (1756-1791; 50-ге жакын симфония) чыгармачылык ишмердүүлүктөрүнүн мезгилдеринде, оркестрдик аткаруучулуктун өнүгүүсү улантылат.

**В.А. Моцарттын** оркестринде кылдуу аспаптар ошондой эле негизги функцияны аткарышат. Виолончель менен контрабастар бири бирин күчөтүп үн салышат. Жыгач үйлөмө аспаптар болсо, кош группа болуп колдонулат (2 флейта, 2 гобой, 2 фагот), алар гармония менен ритмди, ошондой эле тематизмди ээлейт. Жез үйлөмө аспаптар (2 валторна, кээде 1 труба) tutti жерлеринде ритм жана гармонияны ырастайт.

Улуу немец композитору **Людвиг ван Бетховен** (1770-1827; 9 симфония) оркестрдин таасирдилүгүн техника жана көркөм жагынан күчөтүп кеңейткен. Бетховендин симфонияларынын идея улуулугу оркестрдин курамын чоңойтконго себеп болгон. Композитор жаңы аспаптарды киргизген – флейта пикколо (кичи флейта) жана тромбондорду, контрфаготторду. Людвиг ван Бетховендин чыгармачылыгы менен *Вена классикалык багыты* аяктаган [2].

XVIII к. аягында XIX к. башталышында адабият менен көркөм искусствосунда *романтизм* багыты жа-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



ралат (Германия, Великобритания, Европа жана Американын башка өлкөлөрүндө).

XIX кылымдын башталышы менен оркестрдик аткаруучулуктун өнүгүүсүндө орчундуу бурулуш болуп өтөт. Ал бурулуш оркестрдик аспаптардын өркүндөтүлгөн түрлөрүнүн пайда болушу менен байланышкан. Өзгөчө, **Г.Берлиоз, Ф.Лист, Р.Вагнер** сыяктуу композитор-романтиктер оркестрдин добуштуулугунун ачык, кубаттуу жана колоритинин уккулуктуулугун арттырууга аракет жасашат. Бул жагдайда оркестрдин аспаптык түзүлүшү өзгөрүлөт, курамы көбөйтүлөт, эски аспаптар жакшырылып жаңы аспаптар менен толукталат. Оркестрдин башкаруусу татаалдаштырылат, дирижёрдун кесиби калыптана баштайт.

**Россияда** XIX к-да *симфония жанрга* биринчи жолу бурулушкан. Белгилүү орусия композитору **М.И. Глинка** (1804-1857) классикалык симфонияны жазбаса да, орус симфония мектебинин негиз салуучу деп эсептелет (М.Глинка “Камаринская” - эки орус темага негизделген *симфония,* 1834). Анын орус оркестрдик аткаруучулук маданиятындагы принциптерин классик-композиторлор, «Могучая кучка» уюмунун мүчөлөрү **Н.А. Римкий-Корсаков** (3 симфония, 1865-1874), **А.П. Бородин** (2 симфония: 2-чи «Богатырская», 1867-1876) улашкан. Симфониялык оркестрдин өсүп-өнүгүүсүндө эң маанилүү ролду аткарган орус классик-композитор **П.И. Чайковский** (6 симфония: 1866-1893) болгон [2].

**Совет мезгилиндеги** атактуу композиторлор **С.С. Прокофьевдин, Д.Д. Шостаковичтин, А.И. Хачатуряндын** ж.б. чыгармачылыгында симфониялык оркестр дүркүрөгөн өнүгүү жолунда болду. *Симфония жанры* совет доорундагы музыкасында чоң маанилүү ордун ээлеген. Симфонизмдин бийик эрежелери өзгөчө бай жана көрүнүктүү өнүгүүгө ээ болгон. Ошого байланыштуу симфониялык оркестрдин өнүгүүсү эң бийик деңгээлге чыккан.

Советтик *симфониянын* алдыңкы катарында **Д.Д. Шостакович** болгон. Анын 15 симфониясында адамдын сезимдеринин терендиги жана сабырдуулугу, туруктуулугу (5-чи, 1937; 8-чи, 1943; 15-чи, 1971), ошол кездеги замандын орчун маселелери ишке ашырылган (7-чи, «Ленинградская» симфониясы, 1941) жана документке негизделген тарыхтын барактары (11-чи, «1905г.» 1957; 12-чи, «1917г.», 1961) көрсөтүлгөн [2].

Оркестрдик аткаруучулук өнөр **Кыргызстанга XX кылымдын башталышы** менен (1930-жылдары) келди. Оркестрдик аткаруучулук өнөрдүн пайда болуусу кыргыз элдик музыкалык маданиятынын өнүгүүсүндө орчундуу бурулуш жасады. Ал бурулуш кыргыз элдик аспаптар оркестрин уюштуруу менен байланышкан.

**Совет доорунда** кыргыз композиторлору жана дирижерлору кыска мөөнөттүн ичинде, дүйнөлүк музыкалык маданияттын бай казынасын өздөштүрүп жана анын алдыңкы үлгүлөрүнүн таасиринде реа-лизмди идеялык негиз кылып алышкан. Бул мезгилдерде нечен кылымдар бою өнүгүү менен салтка айланган улуттук музыкасын өзгөчө көркөм-кооз тилде жаңырган музыкалык искусствону жарата алышкан [5].

**Адабияттар:**


1. Барсова И.А. Книга об оркестре. - М.: «Музыка», 1978. - 207 с.
2. Музыкальная энциклопедия. - М., 1976. - Т.1.
3. Краткий музыкальный словарь. - Ленинград, 1964. - Издание 4-е.
4. https://infopedia.su/2x3c2d.html.
5. Кыргызский народный оркестр им. Карамолдо Орозова – история его создания и становления. / Сборник статей под общей редакцией профессора В.Романа. Составитель: Турумбаева Ч.М. - Бишкек, 2016. - 121 с.